# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2007-жылдын 25-майы № 71

## Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы мамлекеттик жөнгө салуу жана саясат жөнүндө

*(КР 2016-жылдын 6-июлундагы № 99 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**1-глава**
**Жалпы жоболор**

### 1-статья. Ушул Мыйзамдын максаттары

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын аймагындагы парник газдарынын эмиссиясынын жана алардын жутулуш чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жеке жана юридикалык жактардын ишин мамлекеттик жөнгө салуунун негиздерин, иш тартибин, укугун, милдетин жана жоопкерчилигин аныктайт.

### 2-статья. Негизги түшүнүктөр жана аныктамалар

1. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын башка тармактарынын түшүнүктөрү жана аныктамалары, эгерде ушул Мыйзамда башкача каралбаган болсо, мыйзамдардын ушул тармактарында кандай мааниде колдонулса, ошондой эле мааниде колдонулат.

2. Ушул Мыйзамда төмөндөгүдөй түшүнүктөр жана аныктамалар колдонулат:

**климат долбоорунун базалык линиясы** - климат долбоору болбогон учурда парник газдарынын эмиссиясынын объекттеринен чыгаруу парник газдарынын эмиссиясынын динамикасын чагылдыруучу сценарий;

**базалык жыл** - Бириккен Улуттар Уюмунун Климатты өзгөртүү жөнүндө Алкактуу конвенциясы жана Бириккен Улуттар Уюмунун Климатты өзгөртүү жөнүндө Киот протоколу боюнча милдеттенмелерди аткаруу жагынан иш-аракетке баа берүү үчүн парник газдарынын эмиссиясы пайдаланылуучу жыл;

**валидация (ырастоо)** - базалык линиянын инвентаризациясын, мониторингин, эсеп-кысабын жүргүзүүнүн тиешелүү методикаларын жана тартиптерин пайдалануунун тууралыгын текшерүү, ошондой эле иштин ушундай түрүн жүзөгө ашырууга атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан тиешелүү тартипте уруксат алган көзкарандысыз уюм тарабынан ишке ашырылуучу климат долбоорлорунун парник газдарынын эмиссиясын кыскартуунун мониторингине жана верификациясына план даярдоо боюнча иш-чаралар;

**верификация (накталыгы)** - парник газдарынын эмиссиясын инвентаризация кылуу жана анын мониторингинен чыккан жыйынтыктарды, ошондой эле климат долбоорун жүзөгө ашыруу менен жетишилүүчү иштин ушундай түрүнө атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан тиешелүү тартипте уруксат алган көзкарандысыз уюм тарабынан ишке ашырылуучу текшерүү учурунда климат долбоорун ишке ашыруунун натыйжасында

жетишилген парник газдарынын эмиссиясынын иш жүзүндө кыскарышын текшерүү боюнча иш-чаралар;

**Парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун мамлекеттик кадастры** - парник газдарынын эмиссиясын жана жутулушун убактылуу динамикада чагылдыруучу парник газдарынын эмиссиясы менен жутулушунун деңгээлдерин кошо көрсөткөн парник газдарынын эмиссиясы менен жутулуш объекттеринин тизмеги;

**парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы иш** - коммерциялык эмес уюмдар, мамлекеттик органдар, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын алкактарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу, анын ичинде климат долбоорлорун жүзөгө ашыруу менен байланышкан дагы башка юридикалык жана жеке жактар тарабынан ишке ашырылуучу иштин ар кандай түрү;

парник газдарынын эмиссиясынын сан-эсебин өлчөөчү бирдик көмүртек диоксидинин бир тоннасы;

**климаттын өзгөрүшү** - салыштырылуучу мезгил ичинде байкалган, климат тутумсынын курамы өзгөрүлүшүнө алып келип, климаттын табигый өзгөрмөлүүлүгүнөн көрүнгөн жердин географиялык абалына мүнөздүү атмосфералык шарттардын статистикалык режиминин өзгөрүлүшү;

**парник газдарынын эмиссиясынын инвентаризациясы** - тиешелүү маалыматтарды жыйноо, жалпылоо жана анализдөө боюнча иш-чаралардын комплекси, ошондой эле белгиленген методикалар боюнча атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан өткөрүлгөн парник газдардын иш жүзүндөгү эмиссияларынын деңгээлине берилген баа, анын эсеп-кысабы жана/же өлчөнүшү; мунун натыйжасы - ишенимдүүлүктүн алгылыктуу деңгээлинде тийиштүү жыл үчүн парник газдарынын иш жүзүндөгү эмиссияларынын деңгээли жөнүндөгү маалымат;

**парник газдарынын булагы** - иштетилиши парник газдарынын эмиссиясына алып келүүчү өнөр жай, айыл чарба же дагы башка маанидеги бир же андан ашуун объектиден турган мүлк комплекси;

**парник газдарынын жутулуш булагы** - өсүп турушу парник газдарынын жутулушуна алып келүүчү токой чарбасынын же курчал турган чөйрөнүн дагы башка объектисинин обочолонгон бирдиги;

**парник газдарынын чыгындыларына квота** - таасир берүүчү мөөнөтү бар парник газдарынын эмиссиясынын уруксат берилген деңгээли, мунун учурунда квота ээсине өз объектилеринен парник газдарынын чыгындыларынын тиешелүү көлөмүн тышка чыгарууга укук берилет. Квотанын ээси ушул Мыйзам койгон шарттарга карап, өз укугун пайдалануудан баш тарта алат;

**климат тутуму** - атмосферанын, гидросферанын, биосферанын жана геосферанын жыйындысы жана алардын өз ара аракети;

**климат долбоору** - тиешелүү тартипте верификация кылынган (ырасталган) жана катталган парник газдарынын эмиссиясын кыскартуучу жана/же парник газдарынын жутулушун көбөйтүүчү иш-чаралардын долбоору;

**парник газдарынын сан-эсебин кайра алуунун коэффициенттери** - ар бир парник газы үчүн көрсөткүчтөр; булар глобалдуу климатка парник

газдарынын ар бири тийгизген таасирдин күчүнө Климаттын өзгөрүшү боюнча эл аралык эксперттер тобу тарабынан белгиленген парник газдарынын эмиссиясынын сан-эсебин алуу бирдиктеринин эквивалентинде баа берүүгө мүмкүндүк берет;

**парник газдарынын эмиссиясынын мониторинги** - сандык жана сапаттык курамы жагынан парник газдарынын иш жүзүндөгү эмиссияларына байкоо жүргүзүү, булар бекитилген методикалар боюнча парник газдарынын эмиссиясынын объектилери жана субъектилери боюнча ишке ашырылат;

**таза өнүктүрүү механизми** - Киот протоколунун механизми, бул Бириккен Улуттар Уюмунун Климатты өзгөртүү жөнүндө алкактуу конвенциясынын I тиркемесине киргизилбеген өлкөлөргө жардам көрсөтүүгө, үздүксүз өнүгүүнү камсыз кылууга жана Климатты өзгөртүү жөнүндө алкактуу конвенция өзүнүн түпкү максатына жетишине көмөк көрсөтүүгө, Бириккен Улуттар Уюмунун Климатты өзгөртүү жөнүндө алкактуу конвенциясынын I тиркемесине киргизилген өлкөлөргө жардам көрсөтүүгө, парник газдарынын эмиссияларын чектөө жана кыскартуу боюнча өздөрүнө алган сандык милдеттенмелерин сактоону камсыз кылууга багытталат.

**парник газдарынын эмиссиясын ченемге салуу** - уруксат берилген квоталарынын деңгээлин инвентаризациядан өткөрүүнүн негизинде парник газдарынын эмиссиясын аныктоо;

**парник газдарын жутуучу объект** - иштеши парник газдарынын жутулушуна алып келүүчү өнөр жай, айыл чарба же дагы башка багыттагы объект;

**парник газдарынын чыгындыларына квоталарды жүгүртүү** - парник газдарынын эмиссиясына квоталарды ажыратуу жана/же алуу боюнча өткөрүп берүү, жол берүү, сатып алуу-сатуу, күрөөгө берүү, алмашуу, дагы башка иш-аракет, анын ичинде:

- биржалык жүгүртүү - биржа соодасынын принциптеринде квоталарды жүгүртүү;

- ички корпоративдик жүгүртүү - квоталарды парник газдардын эмиссиясынын ички корпоративдик субъекттеринин ортосунда же парник газдарынын эмиссиясынын жалпы уруксат берилген деңгээли бар жана парник газдарынын эмиссиясынын деңгээли боюнча консолидациялашкан отчеттуулукту билдирүүчү көзкаранды юридикалык жактардын ортосунда ишке ашырылуучу квоталарды бир юридикалык жактын ичинде жүгүртүү;

- улуттук жүгүртүү - Кыргыз Республикасынын резиденттеринин - анын аймагындагы чарбалык иш субъекттеринин ортосунда квоталарды жүгүртүү;

**парник газдарынын эмиссиясынын уруксат берилген деңгээлин сактоо боюнча отчеттук мезгил** - парник газдарынын эмиссиясынын уруксат берилген мезгили белгиленген, парник газдарынын эмиссиясына квоталардын тиешелүү көлөмү бөлүнгөн жана алардын жыйынды мааниси аныкталган мыйзам түрүндө чектелген мезгил аралыгы;

**парник газдары** - инфракызыл нурду жутуучу жана кайра чыгаруучу атмосферанын газ түрүндөгү курандылары;

**парник газдарын жутуучу** - атмосферадан парник газдарын жутуучу ар кандай процесс, иштин түрү же механизми;

**парник газдарынын эмиссиясынын уруксат берилген деңгээли** - атмосферага бекер чыгарууга уруксат берилген парник газдарынын чек саны; бул иштин укугу эмиссиянын конкреттүү субъектисине таандык болот;

**парник газдарынын чыгындыларына квоталардын рыногу** - Кыргыз Республикасынын аймагында парник газдарынын эмиссиясына квоталарды жүгүртүүгө байланышкан чарбалык иш субъекттеринин ортосунда келип чыгуучу мамилелердин жыйындысы;

**парник газдарынын чыгындыларына квоталарды соодалоо тутуму** - учурда да, кийин да парник газдарынын эмиссиясына квоталарды сатып алууга-сатууга байланышкан сатып алуучуларга контракт мамилелерин ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү парник газдарынын эмиссиясына квоталарды сатуучулар менен сатып алуучулардын ортосундагы өз ара мамилелердин усулдарын аныктоочу парник газдарынын эмиссиясына квоталарды жүгүртүүнүн уюштурулган тутуму, анын ичинде парник газдарынын эмиссиясына квоталарды соодалоо тутуму (көзкаранды юридикалык жактар ортосунда же ички корпоративдик деңгээлде бир юридикалык жактын ичинде иштеп, парник газдарынын эмиссиясына квоталардын ички корпоративдик жүгүртүлүшүн камсыз кылуучу парник газдарынын эмиссиясына квоталарды соодалоо тутуму);

**парник газдарынын жутулушунун субъекти** - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка учурларда атайын ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте катталган жутуу булагынын чарбакер субъекти жана ээси болуп эсептелген юридикалык же жеке жак;

**парник газдарынын эмиссиясынын субъекти** - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка учурларда атайын ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте катталган парник газдарынын эмиссиясы чарбакер субъекти жана ээси болуп эсептелген юридикалык же жеке жак;

**парник газдарынын эмиссиясы (чыгындылары)** - конкреттүү бир мезгил аралыгында парник газдарынын атмосферага чыгарылышы.

*(КР 2016-жылдын 6-июлундагы № 99 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**3-статья. Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы мамлекеттик саясаттын негиздери**

Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы мамлекеттик саясат төмөндөгүдөй негизги багыттар боюнча ишке ашырылат:

1) парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы мамлекеттик жөнгө салууну ишке ашыруу;

2) парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы иштин айлана-чөйрөнү коргоого жана калктын саламаттыгына, экономикалык өнүгүштүн артыкчылыктарына, ошондой эле эл аралык милдеттенмелерге шайкеш келиши;

3) парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы мамлекеттик саясаттын Кыргыз Республикасынын жалпы улуттук мамлекеттик саясатынын тутумдаш бөлүгү катары биримдиги;

4) парник газдарынын эмиссиясын турукташтыруу жана кыскартуу боюнча көрүлүүчү чаралардын улуттук саясатынын артыкчылыктуу багыты;

5) улуттук жана экологиялык коопсуздукту, саясий жана экономикалык кызыкчылыктарды камсыз кылууда мамлекеттик милдеттерди жүзөгө ашыруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын парник газдарынын эмиссияларын стабилдештирүү жана кыскартуу боюнча эл аралык милдеттенмелерин аткаруу максатын көздөгөн парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жана аны ишке ашырууга контроль жагындагы мамлекеттик жөнгө салуу тутумунун биримдиги;

6) эл аралык укуктун ченемдеринде бекитилген экономикалык механизмдерди пайдаланууну илгерилетүү;

7) парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы иштин экономиканын абалына, материалдык-техникалык базага жана илимий-техникалык өнүгүштүн деңгээлине шайкеш келиши;

8) парник газдарынын эмиссиясы жана жутулуш чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуунун экономикалык чараларынын артыкчылыгы;

9) парник газдарынын чыгындыларынын жана эмиссияларынын булактарынын бардык секторлорунда ушул Мыйзамдын максаттарына карама-каршы келген рынок диспропорцияларын, фискалдык усулдарды рынок механизмдерине алмаштыруу менен акырындап кыскартуу жана четтетүү;

10) аткаруу бийлигинин органдарына климат долбоорлоруна жана программаларына катышуучулардын иш-милдеттерин мамлекеттик контроль органынын ыйгарым укуктары менен бирге алып жүрүүгө жол берилбестиги;

11) бардык булактардан жана жутуучулардан чыккан, ошондой эле жүзөгө ашырылган климаттык долбоорлордун натыйжасында пайда болгон парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун мониторингинин жана эсепке алынышынын мамлекеттик тутумунун иштешин камсыз кылуу;

12) парник газдарынын эмиссиясынын иш жүзүндөгү жана болжолдонгон сан-эсеби жөнүндө маалыматтын жана климаттык долбоорлордун натыйжаларын эркин алууну камсыз кылуу;

13) парник газдарынын инвентаризациясы, мониторинги, ырасталышы жана алардын эмиссиясы менен жутулушунун верификациясы боюнча жумуштардын жүргүзүлүшүнө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын бардык аймагында аларды эсепке алуу жана жүргүзүү усулдарына мамлекеттик контроль;

14) ачык-айкындык жана калыстык принциптеринде ырастоону жана верификацияны ишке ашыруу;

15) парник газдарынын эмиссиясына жана алардын жутулушуна байкоо жүргүзүүнүн бардыгын камтышы жана үзгүлтүксүздүгү;

16) парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун көлөмдөрүнө байкоо жүргүзүү, өлчөө, эсепке алуу жана контролдоо усулдарынын, ошондой эле байкоо жүргүзүүнүн жана маалыматты эсепке алуунун натыйжасында алынган маалыматты жайылтуу, мониторинг, жыйноо, иштеп чыгуу, сактоо усулдарынын биримдиги жана салыштырмалуулугу;

17) парник газдарынын эмиссиясын жана жутулушун эсепке алуунун жана алардын мониторингинин ички мамлекеттик, чет өлкөлүк жана эл аралык тутумдары менен интеграциялоо;

18) пайдалануучулар үчүн парник газдарынын иш жүзүндөгү жана болжолдонгон эмиссиялары жөнүндө маалыматтын ишенимдүүлүгүн жана анын жетимдүүлүгүн камсыз кылуу;

19) ушул Мыйзамдын жоболоруна ылайык дагы башка чараларды ишке ашыруу;

20) Кыргыз Республикасынын аймагынын үстүндөгү атмосферада парник газдарынын болуш мониторингинин мамлекеттик тутумунун иштешин камсыз кылуу жана өлчөө жыйынтыктарынын маалымат базасын түзүү.

**4-статья. Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы ишти мамлекеттик жөнгө салуунун усулдары**

1. Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы ишти мамлекеттик жөнгө салуу жөнгө салуунун экономикалык усулдарын, ошондой эле тарифтик эмес жөнгө салууну колдонуу аркылуу ишке ашырылат.

2. Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы ишти мамлекеттик жөнгө салуунун экономикалык усулдарынан башка мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кийлигишүү жана ар кандай чектөө коюу жолу менен жөнгө салууга жол берилбейт.

## 2-глава
## Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы ишти жүзөгө ашыруу

**5-статья. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктары**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карамагына төмөндөгүлөр тиешелүү:

1) министрликтердин, ведомстволордун, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын климатты өзгөртүү жагындагы ишин башкарууну жана контролдоону жүзөгө ашыруу;

2) парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы иштин мониторингине жана жөнгө салынышына контроль;

3) парник газдарынын эмиссияларынын экономикалык механизмдерин, экологиялык коопсуздуктун ченемдеринин, лимиттерин жана ченемдиктердин аныктоонун методикаларын, парник газдарынын эмиссияларын жана жутулушун жөнгө салуу боюнча эрежелерди, жоболорду, нускоолорду жана ченемдерди, анын ичинде климат долбоорлорун жөнгө салуунун механизмдерин аныктоочу ченемдиктерди бекитүү;

4) климатты өзгөртүү жагындагы республикалык, регион аралык, мамлекет аралык пландардын, программалардын, концепциялардын иштелип чыгышын, бекитилишин, финансыланышын, жүзөгө ашырылышын уюштуруу жана алардын ишке ашырылышына контролдук кылуу, ошондой эле климатты өзгөртүү жагынан мурда кабыл алынган республикалык, регион аралык,

мамлекет аралык пландарды, программаларды, концепцияларды токтото туруу же кыскартуу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу;

5) парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдарды аныктоо;

6) климатты өзгөртүү жагынан жарандарга экологиялык билим жана тарбия берүүнү камсыз кылуу;

7) климатты өзгөртүү жагынан эл аралык кызматташууну ишке ашыруу.

2. Айлана-чөйрөнү коргоо жана акыл-эстүү пайдалануу жагындагы атайын ыйгарым укуктуу органынын карамагына төмөндөгүдөй иштер тиешелүү:

1) климатты өзгөртүү жагынан бирдиктүү мамлекеттик саясатты жана комплекстүү башкарууну жүргүзүү;

2) парник газдарынын эмиссиясына жана жутулушуна мамлекеттик контроль;

3) парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун мониторингин уюштуруу;

4) министрликтерден, административдик ведомстволордон, ишканалардан, мекемелерден жана уюмдардан парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жөнүндө маалыматты, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык парник газдарын инвентаризациядан өткөрүүгө зарыл маалыматты акысыз алуу;

5) парник газдарынын эмиссиясын жана жутулушун жөнгө салуу боюнча белгиленген эрежелерди, жоболорду, нускамаларды, ченемдерди бузуу же парник газдарынын эмиссияларынын лимиттерин жогорулатуу менен жүзөгө ашырылуучу ишти чектөө, токтото туруу, кыскартуу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу;

6) жаратылыш ресурстарын эсепке алууну жана аларга баа берүүнү уюштуруу, Парник газдарынын эмиссияларынын жана жутулушунун мамлекеттик кадастрын жүргүзүү;

7) климатты өзгөртүү жагындагы экономикалык механизмдерди иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, парник газдарынын эмиссиясы үчүн алынуучу акы өлчөмдөрүнө түзөтүү киргизүү;

8) парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун көлөмдөрүн эсепке алууга мамлекеттик контроль жасоо жагындагы аткаруу бийлик органдарынын ишин координациялоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

9) парник газдарынын эмиссияларын жана жутулушун нормага салууну жана контролдоону ишке ашыруу;

10) айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылышты акыл-эстүү пайдалануу жагындагы аймактык органдардын тутуму аркылуу парник газдарынын чыгындыларын бекитүүнү жана алардын верификациясын жүргүзүү;

11) парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу тармагындагы ишти жөнгө салуу жана ишке ашыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган адамдарга жоопкерчилик чараларын колдонуу;

12) климатты өзгөртүү жагындагы эл аралык кызматташууну ишке ашыруу, климатты өзгөртүү боюнча эл аралык макулдашууга ылайык, Кыргыз Республикасынын милдеттенмелери аткарылышын камсыз кылуу;

13) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген дагы башка ыйгарым укуктар.

**6-статья. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары**

1. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарга ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары климат долбоорлорун иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга, парник газдарынын эмиссияларын турукташтыруу жана кыскартуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш жүргүзүүгө катышууга тийиш.

2. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагынан ишти жөнгө салуу боюнча өзүнчө мамлекеттик ыйгарым укуктарга ээ боло алат.

*(КР 2016-жылдын 6-июлундагы № 99 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**7-статья. Коомчулуктун ыйгарым укуктары**

1. Коомчулук климат долбоорлорунун учурдагы абалы жөнүндө парник газдарынын эмиссиясын жана жутулушун жөнгө салуу жагындагы мамлекеттик органдар тарабынан көрүлүп жаткан бардык чаралар, анын ичинде укук жагындагы чаралар, ошондой эле парник газдарынын эмиссияларын жана агымдарын инвентаризациялоонун жыйынтыктары тууралу маалыматты тоскоолсуз алууга укуктуу.

2. Климат долбоорлорун иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу стадияларында чечимдерди кабыл алууда коомчулуктун катышуусу милдеттүү болуп эсептелет.

3. Климат долбоорлорун иштеп чыгуу, жактыруу жана ишке ашыруу стадияларында чечимдердин кабыл алынышына коомчулуктун катышуу механизми Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

## 3-глава
## Парник газдарынын эмиссияларын жана жутулуштарын эсепке алуу жана контролдоо

**8-статья. Парник газдарынын эмиссиясына жана жутулушуна байланыштуу чарбалык ишке коюлуучу чектөөлөр**

1. Кыргыз Республикасынын аймагында жаратылышты пайдалануучулар тарабынан парник газдарынын эмиссиясынын булактарынын пайдаланылышына ошол жаратылышты пайдалануучуда парник газдарынын эмиссиясынын булактарынын иш жүзүндөгү эмиссияларын жапкыдай чектүү жол берилген эмиссиянын жетиштүү көлөмү (квотасы) болгондо гана жол берилет.

2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары парник газдарынын чыгарылышына жана алардын жутулушунун алдыңкы технологияларын колдонууга, парник газдарынын эмиссияларын азайтуу боюнча чараларга

колдоо көрсөтүшү, ошондой эле энергиянын кайталанма булактарын өнүктүрүүгө түрткү бериши керек.

3. Кыргыз Республикасынын аймагында парник газдарынын эмиссиясына жана жутулушуна байланыштуу ар кандай чарбалык иш ушул Мыйзамдын жоболоруна, ошондой эле парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушуна байланыштуу ишти жөнгө салуу жагына тиешелүү дагы башка мыйзамдык актыларга ылайык гана ишке ашырылышы мүмкүн.

4. Чарбалык, дагы башка иштин объектилерин долбоорлоо, жайгаштыруу, куруу, реконструкциялоо жана пайдалануу учурунда, шаардык, дагы башка конуштарды куруу учурунда мурда пайдаланылып келген аналогдорго салыштырганда парник газдарынын эмиссияларынын тикелей жана обочо деңгээлин азайтууга алып келүүчү алдыңкы техника жана технологияларды пайдаланууу камсыз кылынышы керек.

5. Парник газдарынын булактары бар юридикалык жана жеке жактар парник газдарынын эмиссиясын азайтуу же көбөйтүү, ошондой эле парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу боюнча мониторинг тутумун киргизүү, анын иш жүзүндөгү деңгээли боюнча отчеттуулукту даярдоо жагынан иш-чараларды жүргүзүүгө милдеттүү.

**9-статья. Парник газдарынын эмиссиясын жана жутулушун инвентаризациялоо**

1. Инвентаризацияны парник газдарынын эмиссиясынын же жутулушунун булактары бар жаратылышты пайдалануучулар, ошондой эле дагы башка атайын компетенттүү уюмдар же белгиленген тартипте ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан дайындалган уюмдардын бөлүмдөрү же белгиленген тартипте ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан аттестацияланган жеке адамдар жүргүзөт. Компетенттүү юридикалык жактарды дайындоо тартиби жана жеке адамдарды аттестациялоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

2. Парник газдарынын эмиссиясынын объекттери боюнча парник газдарынын эмиссиясын инвентаризациялоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген ченемдик-усулдук документтерди пайдалануу менен парник газдарынын эмиссиясынын субъекттеринин эсебинен жүргүзүлөт. Мындай учурда парник газдарынын эмиссиясынын субъекттери тарабынан өндүрүлүүчү инвентаризацияга жумшалган чыгымдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чекте продукциянын, жумуштун кызмат көрсөтүү боюнча өзүнө турган наркына тиешелүү болот.

3. Парник газдарынын инвентаризациясынын жыйынтыктары верификациядан кийин Парник газдарынын эмиссияларынын жана жутулушунун Мамлекеттик кадастрында эсепке алынууга тийиш.

**10-статья. Парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун мониторинги**

1. Парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун мониторинги климаттын өзгөрүлүшүндөгү жөнгө салууну жана контролду ишке ашыруучу мамлекеттик органдарды, ошондой эле жеке жана юридикалык жактарды парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун объекттеринен парник

газдарынын эмиссияларынын жана жутулушунун деңгээли жөнүндө ишенимдүү маалымат менен өз убагында камсыз кылыш үчүн жүргүзүлөт.

2. Парник газдарынын эмиссияларынын жана жутулушунун мониторингин ишке ашыруу максатында белгиленген мөөнөттөрдө парник газдарынын мониторингинин тутуму киргизилиши же атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте аттестациядан өткөрүлгөн адамга мониторинг жүргүзүү ташпырылышы керек. Парник газдарынын эмиссияларынын мониторинги парник газдарынын эмиссиясынын субъекттери тарабынан өз эсебинен жүргүзүлөт, мониторинг тутумун жүргүзүүгө жумшалган чыгымдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чекте парник газдарынын эмиссиясынын субъекти тарабынан чыгарылуучу продукциянын, жумуштардын, көрсөтүлгөн кызматтардын өзүнө турган наркына киргизилет.

3. Парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун мамлекеттик мониторинги айлана-чөйрөнүн мониторингинин тутумдаш бөлүгү болуп эсептелет.

4. Парник газдарынын чыгындыларынын мониторингинин жыйынтыктары атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте жүргүзүлгөн верификациядан кийин Парник газдарынын эмиссияларынын жана жутулушунун мамлекеттик кадастрында эсепке алынууга тийиш.

**11-статья. Парник газдарынын эмиссияларынын инвентаризациясын жана мониторингин верификациялоо, климат долбоорлорунун натыйжасында парник газдарынын эмиссиясынын кыскарышынын жана жутулушунун көбөйүшү**

1. Ырастоо жана верификация Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан, ошондой эле белгиленген тартипте компетенттүү юридикалык жактар же аттестацияланган жеке жактар тарабынан жүргүзүлөт. Компетенттүү юридикалык жактарды дайындоонун тартиби жана жеке жактарды аттестациялоо Кыргыз Республикасынын атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталат.

2. Климат долбоорлорун ишке ашыруунун натыйжасында бекитилген методикаларды пайдалануу процесси жана инвентаризацияны, парник газдарынын кыскартылган эмиссияларынын верификациясын жана мониторингин, мониторинг планын даярдоо валидацияланууга (ырасталууга) тийиш.

3. Парник газдарынын эмиссияларынын инвентаризациясынын, мониторингинин жыйынтыктары жана парник газдарынын эмиссияларынын азайышына жана парник газдарынын жутулушунун көбөйүшүнө алып келүүчү климат долбоорлорунун жыйынтыктары верификацияланууга тийиш.

4. Верификация жөнүндөгү маалымат Парник газдарынын эмиссияларынын жана жутулушунун мамлекеттик кадастрында чагылдырылат. Парник газдарынын эмиссиясынын деңгээлинин бирдиктүү документ түрүндө ырасталышы Парник газдарынын эмиссияларынын жана жутулушунун мамлекеттик кадастрынан алынган көчүрмө болуп эсептелет.

5. Валидацияны (ырастоону) жана верификацияны ишке ашыруучу адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чекте анын жыйынтыктарынын ишенимдүүлүгүнө жооптуу болушат.

**12-статья. Парник газдарынын эмиссияларынын жана жутулушунун көлөмдөрүнүн эсебин алуу жана аларды контролдоо тармагындагы иштин белгиленген талаптарга шайкеш келишин ырастоо**

Парник газдарынын эмиссияларына баа берүүнүн методикаларын жана алардын кыскарышын бекитүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ишке ашырылат.

**13-статья. Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы көрсөткүчтөрдү мамлекеттик эсепке алуу**

1. Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы көрсөткүчтөрдү мамлекеттик эсепке алуу парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун абалы жөнүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарын, жеке жана юридикалык жактарды маалымат менен камсыз кылуу максатында ишке ашырылат.

2. Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы көрсөткүчтөрдүн мамлекеттик эсеби ишенимдүү маалыматтарды алуу максатында инвентаризациянын жана мониторингдин жыйынтыктарын жыйноону жана аларды жалпылоону өзүнө камтыйт.

3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык верификациядан өткөн парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жөнүндө маалыматтар гана мамлекеттик эсепке алынууга тийиш.

4. Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы көрсөткүчтөрдү мамлекеттик эсепке алуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

**14-статья. Парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун мамлекеттик кадастры**

1. Парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун мамлекеттик кадастры Кыргыз Республикасынын аймагында парник газдарынын чыгындыларынын эмиссиясынын жана жутулушунун бирдиктүү жана бардыгын камтуучу реестри болуп эсептелет.

2. Парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун мамлекеттик кадастрын жүргүзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

3. Парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун мамлекеттик кадастрынын маалыматтары ачык болот.

**15-статья. Маалыматты берүүнүн тартиби**

1. Атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, жеке жана юридикалык жактарга берип турат.

2. Мамлекеттик жашыруун сырга тиешелүү маалымат берилбейт.

3. Маалымат Парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун мамлекеттик кадастрынан көчүрмө түрүндө берилет.

4. Парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун мамлекеттик кадастрынан көчүрмөлөр жеке жана юридикалык жактардын жазуу жүзүндөгү суроо-талаптарынын негизинде берилет.

5. Парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун мамлекеттик кадастрынан көчүрмөлөрдү бергендиги үчүн жыйым аны даярдоого жумшалган иш жүзүндөгү чыгымдардан ашпоого тийиш.

**16-статья. Парник газдарынын эмиссиясын нормага салуу**

1. Парник газдарынын эмиссиясын мамлекеттик ченемге салуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

2. Парник газдарынын эмиссиясын мамлекеттик ченемге салуу парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу чөйрөсүндөгү ишти жөнгө салуу жагындагы мамлекеттик саясаттын бир бөлүгү болуп эсептелет.

3. Ушул Мыйзам күчүнө киргенден кийинки биринчи жылы анын жыйынтыктарын инвентаризациялоонун жана мамлекеттик каттоонун жыйынтыктары боюнча базалык жылга парник газдарынын базалык деңгээли жана парник газдарынын эмиссиясынын ар бир субъекти үчүн кийинки отчеттук жылга парник газдарынын эмиссиясынын квотасы (ченемидиги) аныкталат, алар атайын мыйзамдарында белгиленген тартипте өзүнүн компетенциясынын чегинде атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан эсептелип чыгарылат. Отчеттук мезгилдин узактыгы атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары тарабынан аныкталат.

4. Эмиссиянын деңгээли белгиленген отчеттук мезгилге карата эмиссиянын субъекти үчүн белгиленген парник газдарынын эмиссиясынын уруксат берилген деңгээлине салыштырганда жогорулап кетсе, парник газдарынын эмиссиясынын субъекти айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылышты атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан парник газдарынын эмиссиясынын жетишпеген санына же парник газдарынын чыгындыларынын квоталар рыногунан квоталарды алууга милдеттүү. Мамлекеттен алынуучу квоталардын баасы атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

5. Атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан катталган жана квоталардын зарыл санына ээ болбогон парник газдарынын эмиссиясынын субъекти тарабынан ишке ашырылуучу парник газдарынын эмиссиясынын уруксат берилген деңгээлинен ашык парник газдарынын эмиссиясынын учурунда эмиссиянын субъекти парник газдарынын эмиссиясына жетиштүү көлөмдө квоталарды алып, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чыгымдын ордун толтурууга милдеттүү. Чыгымдын ордун толтуруу квоталардын зарыл көлөмүн алуу зарылчылыгынан бошотпойт. Парник газдарынын эмиссиясына талап кылынуучу квоталардын көлөмүн алуу мүмкүнчүлүгү болбогондо эмиссиянын субъекти парник газдарынын объектилерин толук же жарым жартылай жабуунун эсебинен мажбурлоо жолу менен кыскартылууга тийиш.

## 4-глава
## Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы ишти жүзөгө ашыруудагы жоопкерчилик

**17-статья. Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы ишти жүзөгө ашыруу учурундагы талаш-тартышты чечүү**

Парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун көлөмдөрүн эсепке алуу жана аларга контролдук кылуу жагындагы ишти жүзөгө ашыруу учурунда келип чыккан талаш-тартыш тикелей байланышуу жана аткаруу бийлигинин тиешелүү мамлекеттик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына же сотко кайрылуу жолу менен чечилет.

**18-статья. Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы ишти жөнгө салуу жана жүзөгө ашыруу учурундагы мыйзамдардын бузулушуна жоопкерчилик**

1. Парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун көлөмдөрүн эсепке алуу жана аларга контролдук кылуу жагындагы ишти жүзөгө ашыруу учурунда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын бузулушу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликти тартууга кириптер кылат.

2. Парник газдарынын эмиссиясынын жана жутулушунун көлөмдөрүн эсепке алуу жана аларды контролдоо жагынан жөнгө салууну ишке ашыруучу атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте өз иш-аракети үчүн жоопкерчиликти алат.

**19-статья. Зыяндын ордун толтуруу**

Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жеке жана юридикалык жактар парник газдарынын эмиссияларынын жана жутулушунун эсебин алуу жана аларга контролдук кылуу жагынан ишти жүзөгө ашырган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуунун кесепетинен келтирилген зыяндын ордун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте толтуруп берүүгө милдеттүү.

**20-статья. Ушул Мыйзамды ишке киргизүү жөнүндө**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып алты айдын ичинде төмөндөгүлөр тапшырылсын:

1) өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирүү;

2) ушул Мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөр жана(же) толуктоолор киргизүү жөнүндө сунушту даярдоо жана киргизүү;

3) ушул Мыйзамдын жүзөгө ашырылышын камсыз кылуучу зарыл ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **К. Бакиев**